**2016-2017- окуу жылына карата №54 жалпы**
**орто билим берүү мектебинин**
**«Сейтек» балдар уюмунун аткарган иштеринин анализи.**

2016-2017 окуу жылында №54 жалпы орто билим беруу мектебинде балдарды эмгекке,билимге,гумандуулука тарбиялоо үчүн атайын иш- чаралар мектеп администрациясы тарабынан уюштурулду. Атайын балдарды улуттук баалуулуктарды,жаратылыш ресурстарын коргоо үйрөтүүгө багытталды.
Салттык турдө жыл сайын өткөрүлүүчү салтанаттуу линейкада «Сейтек» балдар уюмуна мүчө боло турган окуучуларга шайлоо өткөрүлдү.Шайлоо бардыгына бирдей болушу үчүн тест түрүндө өткөрүлүп,татыктууларды тандалды.Окуучуларга милдеттерди жана иш чаралардын планы менен тааныштырдык.
Окуу жылынын башталышы менен мектеп окуучуларын тартипке, тарбияга чакыруу, үйрөтүү максатында «Сейтек» уюмунун президенти тарабынан окуучулардын сырткы келбетин, келип кетүүсүн текшерүү колго алынды.
2016-2017-жылы 23-сентябрда атайын уюм тарабынан Кыргыз тили майрамын өткөрүү пландашылды. Кыргыз тилинин деңгээлин көтөрүү максатында,жаштар арасында улуттук тилдин баркын билуугө үйрөтүүгө багытталды.Сентябрь айында мектеп окуучуларын күндөлуктөрун текшеруу .”Жол эрежесин сактайлы”, «Биримдик» штабына барып тренигдерге катышуу сыяктуу иштердин устундө иштеп жыйынтыкташты.
2016-2017-жылы октябрь айында «Мугалим мөмөлүү дарак», «Карысы бардын ырысы бар» деген иш чаралар «Сейтек» уюму тарабынан колго алынды. «Күз майрамы» конкурсуна даярдык көрүлдү. Айлана чөйрөнү коргоо максатында ишембиликке да катышууга үлгүрүштү. Ноябрь айында ден-соолукту чыңдоо учун сейрек жашоого үндөө учун иш-чара өткөрүлдү. Тренигдер өткөрүлүп, эң мыкты кундөлүктүн ээси сыйланды.
Декабрь айы СПИД каршы күрөшүү, «Мисс и Мистер» конкурсу, түрдүү конкурстар , тренигдер өткөрүлдү.
Январь айында «Сарык оорусунан сак болгула» деген темада тегерек стол өткөрүлүп , окуучулар жигердүү катышышты.
Февраль, март айлары майрамдык иш-чараларды өткөрүү колго алынды.21-март «Нооруз» майрамына карата иш-чара менен жыйынтыкталды.
Май айы 9-майда Улуу Ата Мекендик согушка катышкан ветерандарды куттуктоо болуп белектер тапшырылып, куттуктоо сөздөр айтылды. «Акыркы конгуроо» салтанатына кам көрүү болуп, окуу жылын ийгиликтүү аяктап алдык. Аткарылган иштер боюнча отчет берилди. Балдар жайкы каникулга чыгышты.






ДЕВОЧЕК
ПОДРОСТКОВ


Биримдик
1
Единство

